Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети жана Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Б. Джамгерчинов атындагы Тарых, археология жана этнология институтуна караштуу Д 07.23.671 диссертациялык кеңешинин

**ПРОТОКОЛУ № 37**

Бишкек ш. 25-октябрь 2024-ж.

***Төрага:*** Осмонов Ө. Ж. – т.и.д., профессор
***Окумуштуу катчы:*** Карыева А. К. – т.и.д., доцент

**Катышкандар:**

1. Осмонов Өскөн Жусупбекович (төрага) – т.и.д. (07.00.02).
2. Айдаркул Каана (төраганын орун басары) – т.и.д. (07.00.02; 07.00.03).
3. Карыева Анара Карыевна (окумуштуу катчы) – т.и.д. (07.00.02; 07.00.09).
4. Абытов Байболот Капарович – т.и.д. (07.00.02 жана 07.00.09).
5. Алымбаев Жээнбек Байыскулович – т.и.д. (07.00.02 жана 07.00.09).
6. Арзыматова Айнура Атыгаевна – т.и.д. (07.00.02; 07.00.03).
7. Болпонова Асыл Бактыбековна – т.и.д. (07.00.02).
8. Джуманалиев Акылбек Джуманалиевич – т.и.д. (07.00.02).
9. Жакыпбеков Жаныбек Жакыпбекович – т.и.д. (07.00.09).
10. Кылычев Акылбек Мукаевич – т.и.д. (07.00.02 жана 07.00.09).
11. Омурова Жаймыкат Орозобековна – т.и.д. (07.00.02; 07.00.03).
12. Ормушев Асан Сулайманович – т.и.д. (07.00.02).
13. Эсенкулов Нурмамат Жокенович – т.и.д. (07.00.02).

**Күн тартиби:**

**2.** Абдыкулова Роза Аманбаевнанын "XIX кылымдын экинчи жарымы - XX кылымдын башындагы Осмон мамлекети менен Орто Азиянын дипломатиялык байланыштары" деген темадагы диссертациялык ишин алдын ала коргоосу.

Адистиги: 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы, 07.00.03 – жалпы тарых.

Илимий жетекчиси: Мокеев Анварбек Мокеевич.

Диссертациялык иш КР УИАнын Б. Джамгерчинов атындагы алдындагы тарых, археология жана этнология институтунда аткарылган.

**Төрага:** Күн тартиби боюнча суроолоруңуздар барбы? Добуш бериңиздер:

«Макул» - 13, бир добуштан кабыл алынды.

Изденүүчүнүн өздүк делосу менен таанышуу үчүн окумуштуу катчы т.и.д. Карыева Анара Карыевнага берилет

**Окумуштуу катчы:** изденүүчүнүн аттестациялык делосу менен тааныштырды.

**Төрага:** окумуштуу катчыга суроонуздар барбы?

**Арзыматова А. А.:** Бар. Анвар Мокеевдин шифры кандай?

**Окумуштуу катчы:** Анвар Мокеевичтин афтореферат боюнча 02, УАК 03 адистигин кошумча берген, эмгектери боюнча.

**Төрага:** Дагы суроолор барбы?

Диссертациянын кеңештин мүчөлөрү: Жок.

**Төрага:** Анда сөздү изденүүчү Абдыкулова Роза Аманбаевнага берилет.

**Абдыкулова Р. А.:** Урматтуу диссертациялык кеңештин төрагасы жана мүчөлөрү. Менин темам "XIX кылымдын экинчи жарымы - XX кылымдын башындагы Осмон мамлекети менен Орто азиянын дипломатиялык байланыштары". Советтер Союзу кулагандан кийин эгемендүү мамлекет катары Кыргызстан тааныла баштады. Муну эң алгачкылардан болуп тааныган мамлекеттердин бирөөсү бул Түркия республикасы болду. 1991-жылдан тарта бүгүнкү күнгө чейин саясий, экономикалык жана маданий жаатта эл аралык кызматташтык уланып келе жатат. Бирок мунун түпкү тамыры 16-кылымдарга чейин барып такалат. Анткени Орто Азия хандыктары деп аталган хандыктардан баштап Осмон мамлекети менен ар кандай жааттта байланыштар болуп келгенин архив документтери тастыктап турат. Бирок эн маанилүү болгон нерсе 19-кылымдын экинчи жарымынан 20-кылымдын башына чейинки мезгил менен четтегенге аракет кылдык. Анткени аталган доор Осмон мамлекети үчүн да Орто Азия үчүн да эң олутуу доор болуп эсептелет. Бирок ушул доорду изилдеген орус жаана советтик тарыхнаамада көбүнчө Орто Азия бир обьект катары кабыл алынганда эки мамлекеттин теңтайлашуусу изилдөөлөдө негизги маселе катары каралып келинген. Аларга Англия менен Россия империясын алсак болот. Орто Азия тарыхнаамасында Орто Азияга жгүзгөн саясаты тууралуу архив даректери колубузга тийбей келген. Мына ушул изилдөөнүн максаты жана милдеттерине жараша Осмон мамлекети менен Орто Азиянын байланыштары боюнча иизилдөөлө экөөнүн ортосундагы жүргүзүлгөн саясат, мамилелер жана Орто Азия хагндыктарынын аларга жасаган саясаты талдоого алынат.

Изилдөөдө негизги булак катары архив булактары колдонулду. Анын 80 пайызы Стамбул шаарындагы мамлекеттик архивден алынды. Экинчиси болсо Кыргыз Республикасынын мамлекеттик архивинде жайгашкан ушул доорго тиешелүү Осмон мамлекети менен байланыштарга тиешелүүлөрдү пайдаландым. Негизги иштин мазмунуна келе турган болсок иштин тарыхнаамасын 4 бөлүккө бөлүп алдым. Орус тарыхнаамасы, ал революцияга чейинки мезгил, совет доору жана постсовет доору деп. Ал эми экинчиси болсо түрк тарыхнаамасы, аны дагы Осмон мамлекети доору жана Түркия республикасы доору. Ал эми үчүнчүсү

болсо Англия менен Россия империясынын тарыхында чоң оюн деп аталган батыш булактарынан улам өзүнчө бөлүп алдым. 4-болсо эгемендүүлүктөн кийин Борбордук Азиядагы изилдөөлөрдү. Өзбекстан, Тажискстан жана Кыргызстанда алардын 19-кылымдагы локализациясы кайсы хандыкка туура келсе ошолор менен Осмон мамлекетинин байланыштарын изилдеген илимий булактар бар деп айтсак болот.

Революцияга чейинки мезгилге таандык тарыхнаамага Терентьевдин эмгектерин мисал келтирүүгө болот. 3 томдон турган эмгеги менен кошо "Россия и Англия бьорьба за рынки" деп аталган эмгегинде Орто Азия Россия империясына каратылганы менен биздин темага байланышкан кээ бир маалыматтарды да алууга болот. Ал эми совет мезгилиндеги изилдөөлөдө негизинен чыгыш таануучулардын Новичевдин, Петросяндын эмгектеринде көбүнчө жалпы Түркия тарыхынын хронологиялык, саясий тарыхына басым жасаганын байкоого болот. Анын ичинде Осмон мамлекетинин тарыхын да чагылдырып кеткен. Булардын катарына биз Галузону, Лавровду алсак болот.

Ал эми экинчи бөлүгү архив булактарды пайдалануудан сырткары Туркия жана Осмон мамлекети мезгилиндеги изилдөөлөр да бар. Учурда жалпы изилдөөчүлөргө ачык болуп жарыяланган Стамбулдагы мамлекеттик архивде сакталганын айта кетүү керек. Осмон мамлекети дооруна таандык изилдөөгө 1908-жылы Али Суави атындагы тарыхчынын эмгеги француз тилинде кийинчерээк осмон тилинде жарыяланган. Францияда Осмон мамлдекетин изилдөө институту бар. Анткени ошол учурда Франция менен Осмон мамлекетинин байланыштары куч алган. Экинчиси Мехмет Эмин эфендинин Стамбулдан "Орто Азияга саякат" аттуу эмгеги менен Лутфи эфендинин Тарихи Лутфи аттуу эмгеги да мисал болот. Булар 20-кылымдын башында жарыяланган. Ал эми Түркия республикасында 1931-жылы Түрк тарых изилдөө коому түзүлүп, анда таасирдүү тарыхчылар Заки Валидов, Баймырза Хайит, ушулар 19-кылымдагы Түркстандагы улутутк боштондук кыймылдар тууралуу маалыматтар берилген.

**Төрага:** Жоболорго өтсөңүз.

**Изденүүчү:** Жоболордо, Орто Азия тарыхынын XIX кылымдын экинчи жарымы – XX к. башындагы саясий жактан тарыхый бурулуш мезгили болгон. Россия империясы тарабынан Орто Азия хандыктары каратылып, саясий-административдик башкаруу системасы толугу менен өзгөргөн. Анын натыйжасында, хандыктардын бул мезгилге чейинки Осмон мамлекети менен байланышынан айырмаланып, алардын ортосундагы алакага Россия империясынын саясаты аралаша баштаган.

Орто Азия хандыктарынын башка мамлекеттер менен байланышы дипломатиялык түрдө ишке ашып келген. Аларга Россия империясы, Осмон

мамлекети мисал боло алат. Алардын өз ара байланышында саясий, экономикалык жана маданий маселелер камтылган. Россия империясы Орто Азияны каратып алган соң, Осмон мамлекети менен Орто Азиянын байланышында кескин өзгөрүүлөр жүрө баштаган.

Изилдөөнүн хронологиялык алкагында, Орто Азиянын Россия империясы менен Англия саясатынынын бутасына айлангандыгы талдоого айланат. Белгиленген мезгилдин тарыхнаамасында эки мамлекеттин саясий тирешүүсү Орто Азия маселеси менен чогуу каралып, Осмон мамлекети сыяктуу калган объекттерге дээрлик көңүл бурулган эмес.

Изилдөөнүн хронологиялык алкагында каралган Осмон мамлекети менен Орто Азиянын саясий байланыштарындагы негизги маселе Россия империясы болгон. Экинчи планда болсо, хандыктардын геостратегиялык маселелерге тиешелүү өз ара келишпестиктери турган.

Осмон империясы менен Орто Азиянын байланыштарында диний алакалар жогору негизде ишке ашырылган. Анткени, ислам дүйнөсү үчүн ыйык деп эсептелген Мекке, Медина шаарларын камтыган Хижаз областы XVI кылымдан тарта Осмон мамлекетинин карамагында болгон жана ал бүткүл мусулман дүйнөсүнүн мураскору катары таанылган.

Осмон мамлекетинин өкмөттүк архивиндеги материалдар Орто Азиянын тарыхынын, айрыкча Кыргызстан тарыхынын илимий айлампасына тартылып, архив даректери, алардын мазмуну боюнча маалыматтар, комментарийлер илимий изилдөөнүн доору боюнча алектенген адистерге сунушталат.

Түркия республикасы менен Орто Азиянын, анын ичинде Кыргызстандын арасында эл аралык уюмдарга дагы алардын иштеринде өздөрүнө бир материал болуп бере алат деген ойдомун.

**Төрага:** Теманын аталышы туура аталганбы деген маселе жаралып жатат.

**Арзыматова А. А.:** тема “Дипломатические отношения Османской империи и Средней Азии во второй половине XIX -начале XX века”. Как изветсно во второй половине 19 века Среднян Азия была колонии Российской империи и разве унас была субьектом мировой политике и субъектом дипломатической отношений.

**Эсенкулов Н. Ж.:** мен каршы эмесмин. Айнура Атагаевнага кошулат элем. Осмон мамлекети менен Орто Азиянын дипломатиялык байланышы. Орто Азия деген бул географиялык аталыш. Андан көрө Орто Азия хандыктары менен Осмон мамлекетинин кызматташтыгы десе болот эле. Ал учурда Россия уруксат берген эмес. Хандыктары менен кызматташтыгы деп өзгөртүп койсок болот эле.

**Төрага:** Жаныбек Жакыпбекович бериңиз суроо.

**Жакыпбеков Ж.:** Элдин баары 5-6 макала менен жарыялап жатат. Сиз 34 публикациянын баарын коштуңуз. Сиз жактагандан бери канча убакыт өттү.

Мокеевдин буга подходу кандай? Эмне үчүн узкий дипломатиялык байланышты берип койду.

**Кылычев А. М.:** Айнура Атагаевна туура айты. Орус падышачылыгы мезгили, бирок кызматташтыгы деген туура эмес болуп калат. Роза биздин студентибиз. Алгачкы Түркияга кеткен студентибиз. Магисртдик диссертациясын жактаган. Түркчө, англисче мыкты сүйөйт. Авторфеератынан эле көрүнүп турат. Бул абдан жакшы жазылган тема.

**Арзыматова А. А.:** орусчасы афтореферат грамотно жазылган. Канчалык тема соответствует. Он тогузунчу кылымга чейин да материал бары, же жокпу?

**Алымбаев Ж. Б.:** 19-кылымда Орто Азия субьект болгон эмес. Бирок 1876-жылга чейинки андан кийин 1920-жылга чейин келген Бухара, Хива тууралуу сөз кылынган. Архив материалдары турат. Орто Азия деген шартту түрдө алынып жатат. Шартту түрдө болгондуктан материал 19-кылымдан 20-кылымдын башына чейинки архив документи менен камтылган. Орто Азияны Түркстан деп алмаштырууга боробойт. Ошол бойдон калыш керек.

**Төрага:** сөздү изденүүчүгө берели, суроолого жооп берсин.

**Изденүүчү:** Бул жерде Орто Азия аталышта 1839-жылдардан баштап, 1920-жылга чейин кетет. Дипломатиялык байланыш дегенди алып салайын десем Бухара жана Хива менен каттар бар архив даректеринде. Кокон менен байланышты алып салайын десе, 1839 жана 1860-жылдарга тиешелүү каттар бар. Дипломатиялык эмес деп алып салсам, негизги колдонулган архив даректеринде агай айткандай Осмон мамлекети менен Орто Азияда элчилик байланыштар болуп жатпайбы. Эгер алып салсам негизги пайдубал болгон архив булактары жокко чыккандай болуп калып жатат. Түркстан десем чыгыш Түркстан Кашгардан баштап, Самаркандка чейин кетип калат да. Транзит мезгили болгон Орто Азия бул 19-кылымдын 2-жарымында 1839-жылдан баштап алып келдим. Тематикалык жактан анан 1920-жылган чейин алып келем. Дипломатиялык байланышында. Ошондон улам Орто Азиянын тарыхында хандыктар бүтүп, Россия империясына карап калды дегенде да колдонгон архив булактарында дале болсо кээ бир хандыктар элчилик байланышын улантып келе жатат.

**Төрага:** эксперттердин пикирлерин угалы. Каана Айдаркуловна сизге сөз берели.

**Айдаркул К.:** Урматтуу кеңештин мүчөлөрү. Азыркы диссертацияга мен пикиримиди бергем. Бул жакта сунуштардын арасында теманын аталышы тууралуу жок болгондой түзүлгөн. Кыргыз варианты: XIX кылымдын экинчи жарымы - XX кылымдын башындагы Осмон мамлекети менен дипломатиялык байланыштары. Орус вариантта тема: Дипломатиялык отношения Османской империи и Средней Азии во второй половине XIX -начале XX века. орусча вариантында тема угулушу кулакка жагымдуу. Кыргызча варианты тема башкача.

Кылымдар тигинин аягы мунун башы дегени. Мисалы катарында сунуш бергем. Хронологияны мисал келтирсеек же жылдар менен берсек. Иши кылып жылдарын жазса деген сунуш болгон. Орто Азия деген түшүнүктү тактап койсок дегем. Ал географиялык түшүнүкпү, балким диссертациянын ичинде түшүнүк берип койсо балким маселе чыкпайт. Изилдөөнүн обьекти менен предмети тактап коюу керек. Корутундуда Орто Азия менен Осмон мамлекетинин байланыштарын салыштыруу берсе жакшы болмок. Иш аябай жакшы. Архив маалыматтар кирип жатат. Жаңы маалыматтар кирип жатат. Бирок жанагы кээ бир маселелер бар. Адабияттарды талапка жараша иретке келтирүү зарыл. Барактар дал келиши керек. Башка сунуштар да болгон. Алардын баары тең оңдолуп мага көрсөтүлдү. Азыркы талкууга мен да кошулам. (Корутунду тиркелет).

**Төрага:** сөз Асан Сулаймановичге берилет.

**Ормушев А. С.:** Урматту төрага, мүчөлөрү. Розаны жакшы тааныйм. Манас университетинде иштеп, бул маселе боюнча талдаганбыз. Буга чейин мындай диссертация боло элек. Тарыхнаамасында ар бир авторго өзүнүн талдоосун жүргүзө алгана. Ал биринчи жолу түрк тилиндеги архив документтерди илимий айлампага киргизе алган. Буга чейин монографиясы чыккан. Өзгөчө кыргыз жергесинен ажылыкка баргандар тууралуу так даана берген. Киришүүсүндө жана корутундусунда өзүмдүн оюмду айткам. Корутундусун оюна келгендей жазган. Аны оңдоду. Бул убакка чейин бир дагы аспиранттар мындай тарыхнааманы анализдеп жаза алган эмес. Мен толугу менен Розанын диссертациясын жактоого сунуштайм. (Корутунду тиркелет).

**Төрага:** сөз Жамыйкат Орозобековнада.

**Омурова Ж. О.:** Мен дагы диссертациялык ишинин актуалдуу экенин айта алам. Бул ишти көп жылдан бери жазып жүрөт экен. Негизги көйгөйлөргө токтолуп өтөйүн. Актуалдуулугун жана жоболорду карап чыгуу керек дегем. Илимий жаңылыктары көп болуп калган. 3 эле жаңылык керек. Тарыхнаамада 34-35-бетке замечание айткам аны оңдоду. Орто Азия хандыктары дегенде тарыхнаамасында Өзбекстан тажикстандын изилдөөлөрүн да жазса дегем. Кыргызча жазууда түркчө сөздөр кошулуп кетиптрир. Түшүнсө болот. Анткени түркчө окуган. Редакциялап коюптур. Аны оңдогонго аракет кылыптыр. Азыркы авторефераттарды карап жатып, 34 эмгекте 2005-жылы да чыккна экен. Ошондон берки эмгектерди алганыңыз туура. Ал өзүнчө кетсин. Мен дагы Орто Азия деген түшүнүктү башында эле айткам. Роза Аманбаевнанын диссертациялык иштеги колдонулган материалдарды карап, 07.00.02 - Ата Мекен тарыхы. 07.00.03.- Жалпы тарых адистиктери боюнча коргоого кабыл алса болот деп эсептейм. Талаптарга жооп берет жана сунуштайм.

**Төрага:** талкууга өтөлү. Сөз Акыл Мукаевичге берилет.

**Кылычев А. М.:** эгерде ВАКта кыйынчылык болбосо Осмон мамлекети менен Орто азиянын дипломатиялык байланыштары (XIX кылымдын экинчи жарымы - XX кылымдын башы) дегенди кашага алып коелу.

**Төрага:** Кандай дейсиздер? Сөз Байболот Капаровичке берилет.

**Абытов Б. К.:** Эгерде географиялык маани дей турган болсок, Осмон мамлекети менен Орто Азия хандыктары деп койсок кандай болот. Каттар дпиломатиялык элчиликтин ачылышы жөнүндө болуп калат да. Дипломатиялыктын ордуна карым-катнашы деп койсок. Взаимоотношения Османской империи с Средней Азии десек кандай болот.

**Эсенкулов Н. Ж.:** Розанын чоң кылган иши бул теманын булактык базасын байытты. Экинчи маселеси келгенде 1839-жылды жазуу менен маселе чечилбейт. Россияга киргенге чейин кандай эле, киргенден кийин кандай болду: жалпы 19-кылым деп койсо туура болмок. Түркстан менен Осмон мамлекети менен байланышы да болбойт. 19-кылымдын башы деш керек.

**Абытов Б. К.:** Диссертация 19-20-кылымдын башы десе Россия империясы жөнүндө эч кандай сөз жок. Өзүнчө бир бөлүм жазуу керек. Мүчүлүш болуп калгандай болуп турат.Бир параграф Россия тууралуу болсо жакшы болмок.

**Алымбаев Ж. Б.:** мен бул диссертация менен таанышып чыккам. Мен азыр Акыл Мукаевичтин пикирине Осмон мамлекети менен Орто азиянын дипломатиялык байланыштары (XIX кылымдын экинчи жарымы - XX кылымдын башы) толук кошулам. Кантип чыгабыз. Илимий эмгектерде хронологиялык чек деген бар, анан географиялык чек деген бар. Роза географиялык чек деп киргизип, Түркстан Орто Азия деген аталаштарга түшүнүк берилсе маселе чечилет. Географиялык чек деген диссертацияга киргизебиз. Диссертациянын өзгөчөлүгүнө жараша киргизебиз.

**Эсенкулов Н. Ж.:** Ошондой кылып маселени чечсе болот, бирок маселе диссертациянын ичинен адам карабайт. Темасына караса башка кеп. Орто Азия деген географиялык түшүнүк.

**Төрага:** теманын аталышында хронологиясын скопкага алып коелубу?

**Арзыматова А. А.:** 19 кылым деп койсо кандай болот? 19-кылымды калтырып коелу.

**Алымбаев Ж. Б.:** ичиндеги материал 1916-жылга чейин келет.

**Төрага:** диссертациянын темасына «Осмон мамлекети менен Орто Азиянын дипломатиялык байланыштары (XIX кылымдын экинчи жарымы - XX кылымдын башы)» деген өзгөртүү киргизилсин.

Эксперттердин кортундусун жана токтомду бекитүүнү добушка коем.

**«Макул»** - бир добуштан кабыл алынды.

Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети жана Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Б. Джамгерчинов атындагы Тарых, археология жана этнология институтуна караштуу Д 97.23.671 диссертациялык кеңеши

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Абдыкулова Роза Аманбаевнанын "XIX кылымдын экинчи жарымы - XX кылымдын башындагы Осмон мамлекети менен Орто Азиянын дипломатиялык байланыштары" деген темадагы кандидаттык диссертациясы боюнча эксперттик кеңештин корутундусу бекитилсин.

2. Абдыкулова Роза Аманбаевнанын кандидаттык диссертациясы "Осмон мамлекети менен Орто Азиянын дипломатиялык байланыштары (XIX кылымдын экинчи жарымы - XX кылымдын башы)" деген темада 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы, 07.00.03 – жалпы тарых адистиктери боюнча коргоого кабыл алынсын.

3. Бекитилсин:

*Жетектөөчү мекеме:* К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин Кыргызстандын жана Чыгыш чет өлкөлөрүнүн тарыхы кафедрасы.

*Расмий оппонент:* 1-расмий оппонент катары тарых илимдеринин доктору, профессор Ормушев Асан Сулайманович; 2-расмий оппонент катары тарых илимдеринин доктору, доцент Абдалиева Гулзада Кошоновна.

Д 07.23.671 диссертациялык кеңештин
төрагасы, т.и.д., профессор Осмонов Ө. Ж.

Д 07.23.671 диссертациялык кеңештин
окумуштуу катчысы, т.и.д., доцент Карыева А. К.